# Неге түшкө киресиң.

Сөзү.Ж.Жалилов

Обону.Б.Тургунбаев.

Аткаруучу. Венера Сатылганова.

Айтчы деги кимде айып

Өзүң деле билесиң

Уйку бербей тынчыраак

Неге түшкө киресиң.

Наристедей ээрчишип

Терип биз тоо гүлдөрүн

Түнт токойду аралап

Тыңшап куштун үндөрүн.

Панар кылып түнүмдү

Бет алдыма кармаймын

Балким мени сүйөр деп

Өзүмдү-өзүм алдаймын.

Антсе дагы канчалык

Сен башканы сүйөсүң

Уйку бербей тынчыраак

Түшкө кирип жүрөсүң.

Ийип башын булбулдар

Махабатты чалышты

Кол булгалап бардыгы

Узатышып калышты.

Айтчы деги кимде айып

Өзүң деле билесиң

Уйку бербей тынчыраак

Неге түшкө киресиң.